DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, №4, 2023

*Осмонова Н.Ы.*

# БАЛДАР АДАБИЯТЫНДА ФОНЕТИКАЛЫК БИРДИКТЕРДИН КОЛДОНУЛУШУ

*Осмонова Н.Ы.*

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ФОНЕТИЧЕСКИХ СРЕДСТВ В ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

*N. Osmonova*

# USE OF PHONETIC DEVICES IN CHILDREN'S LITERATURE

*УДК: 494.3: 8.08*

*Балдардын баёо дүйнөсүн суугарып, сыйкырдуу көркөмдүктү жаратып, поэтикалык ажайып дүйнөнүн эшигин ачууда фоностилистикалык каражаттардын аркалаган жүгү, кызматы-орду чоң экендигинде жана аларды илимий жактан талдоо зарылдыгында турат. Балдар адабиятында, жомоктордо, балдар ырларында фоностилистикалык каражаттардын колдонулушун изилдөө; уйкаштыкты уюштурууда, жаш окурмандардын кызыгуусун арттырууда, юмор түзүүдө зор милдетти аткарган фонетикалык бирдиктердин коолдукту жаратуу мүмкүнчүлүктөрүн иликтөө максаты коюлду. Макалада негизинен сыпаттама, баяндоо, синтездөө, талдоо (индукция, дедукция) ыкмалары пайдаланылып, аталаган методдор аркылуу тексттер талдоого алынды. Маданий дүйнө менен таанышууда фоностилистикалык бирдиктер жардамга келип, балдардын чыгармага болгон кызыгуусун жаратып, жаш окурмандын маалыматты жеткиликтүү кабылдоосуна мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Көркөм кепке ар кандай өң берип, эстетикалык таасирди уюштуруп, жан дүйнө байлыгына образдуулук жаратат. Балдарды көркөм чыгарма аркылуу окутууда, тарбиялоодо, айлана-чөйрө менен тааныштырууда чыккан жыйынтык-сунуштарды колдонсо болот.*

***Негизги сөздөр:*** *фонетикалык каражаттар, балдар дүйнөсү, ассонанс, аллитерация, ритм, мелодика, интонация, үндүү, үнсүздөрдүн көркөм кептеги орду.*

*В детской литературе задача, роль, которую выполняют фоностилистические средства удовлетворении эстетического вкуса учащегося, создании волшебного мира и открытии двери в мир поэтического чуда огромна, и они нуждаются в научном исследовании. Нами достигнута цель исследования роли фоностилистических средств в детской литературе, детском фольклоре; изучение эстетического потенциала фоностилистических средств в организации рифмы, повышении интереса юных читателей, создании юмора. В статье в основном методы описания, повествования, синтеза, анализа (индукция, дедукция), посредством указанных методов проводился фактических материалов. При знакомстве с культурным миром на помощь приходят фоностилистические единицы, вызывающие у детей интерес к произведению, способствующие легкому восприятию информации юным читателем, придающие речи разнообразную окраску, выразительность, превращающую мир духовного сокровищ в живость, воображение. При обучении и воспитании детей через художественную литературу, при ознакомлении с окружающей средой можно использовать полученные выводы и рекомендации.*

***Ключевые слова:*** *фонетические средства, детский мир, ассонанс, аллитерация, ритм, мелодия, интонация, место гласных, согласных в художественной речи и др.*

*Relevance. In children's literature, the task, the role played by phono-stylistic means of satisfying the student's aesthetic taste, creating a magical world and opening the door to the world of poetic miracle is enormous and they need scientific research. We have achieved the goal of studying the role of phono-stylistic means in children's literature, children's folklore; studying the aesthetic potential of phono-stylistic means in organizing rhyme, increasing the interest of young readers, and creating humor. The article mainly describes the methods of description, narration, synthesis, analysis (induction, deduction), through these methods, the actual materials were carried out. When getting acquainted with the cultural world, phono-stylistic units come to the rescue, arousing children's interest in the work, contributing to the easy perception of information by the young reader, giving speech a variety of colors, expressiveness, turning the world of spiritual treasures into liveliness, imagination. When teaching and educating children through fiction, when getting acquainted with the environment, you can use the findings and recommendations.*

***Key words:*** *phonetic means, children's world, assonance, alliteration, rhythm, melody, intonation, place of vowels, consonants in artistic speech and others.*

**Балдар адабиятындагы көркөм стилдин белгилерин жаратуучу фонетика-стилистикалык каражаттар** да кездешет**.** Көркөм кептин стилдик белгилерин, добуш коолдугун жаратып, таасирдүүлүгүн арттырган фонетикалык стилистикалык каражаттарга *аллитерация, ассонанс, анафора, эпифора, ритм, рифма, тыбыштардын жыштыгы, сөз узундугу, үндөштүк закону* ж.б.у.с. фонетикалык кубулуштарды кошууга болот. Бул бирдиктер макал-ылакаптарда, драмалык, эпикалык, прозалык, көркөм поэтикалык, элдик оозеки чыгармаларда ошону менен катар балдар адабиятында да кеңири кездешет. Бул фоностилистикалык каражаттар туюнтулуучу ойду, автордун берейин деген идеясын так жана даана, образдуу, максаттуу жеткирүүгө көмөк көрсөтөт.

Көркөм чыгармада окурмандын сезим-туюмун кытыгылап, угуучунун же окуучунун жан дүйнөсүнө, сезимине таасир эте алган фоностилистикалык негизги каражаттардын бири – тексттеги ***добуш коолдугу*** [1, 110-б.]. Добуш коолдугунун жардамы менен берилүүчү ой таасирдүү туюнтулат. Чыгарманын эстетикалык көрктүүлүгү, руханий баалуулугу, эмоция-экспрессивдүү күчү дообуш коолдугунун жардамы менен андан да күчөтүлөт.

Балдар адабиятындагы добуш коолдугун жаратуучу стилистикалык каражаттардын айрым бирлерине токтоло кетели.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



***Аллитерация*** – ыр саптарында, айрым учурларда прозада үнсүз тыбыштардын кайталанышы [5, 69-б].

***К**ыздуу үйдө **к**ыл жатпай,*
***К**елиндүү үйдө **к**үл жатпайт* (Макал).

Аллитерация байыркы доордон бери келе жаткан стилдик ыкма, макалда *аллитерация* кубулушу колдонулуп, саптар [***к***] тыбышы менен башталды. Фоностилистикалык каражат катары бул өзгөчөлүк да макалдын ыргактуулугун, уккулуктуу, көркөм, элестүү болушуна түздөн-түз таасир берет. Аллитерация кыргыз акындарынын арасында кенен жайылтылган стилдик фигура, ал ыр саптарында дообуш коздугун жаратып, чыгарманын бүтүндөй тулкусуна эстетикалык боёк берип турат.

***Т**аттуу, ширин бүлдүркөн*
***Т**андап, терип алабыз.*
***Т**атынакай чакага,*
***Т**олтурабыз, салабыз* (М.Жангазиев “Бүлдүркөн”).

Жоон үндүүлөр [*а*] жана [*о*] менен айкашып келген [***т***] тыбышы вертикалык аллитерацияны уюштуруп жатат.

***Б**издин өрүк гүл ачты,*
***Б**алдар келип караштьы.*
***Б**адыракай көрүнгөн,*
***Б**үчүрлөрүн санашты* (Т.Үмөталиев “Биздин өрүк”).

Акындардын ырларында вертикалык түрдө жайгашкан аллитерация кубулушун үнсүз [***к***] тыбышы жана [***б***] тыбыштары уюштуруп келип, ырда дообуш коздугун пайда кылды.

Аллитерация кыргыз поэзиясынын байыркы доорунан бери калыптанып келип, муундан-муунга профессионалдуу адабиятында да кеңири өнүктүрүлгөн көркөм сөз каражаттарынан. Албетте, бул ыкма пайдаланылып, адабияттын балдарга арналган айдыңында да уникалдуу чыгармалар жаралган.

***Ассонанс*** – вертикалык, же горизонталдык абалда бирдей үндүүлөрдүн ыргак боюнча кайталанышы.

***А**ктан чочуп ойгонду,*
***А**л окуусун ойлонду.*
***А**лкап жатты ичинде,*
***А**ны ойготкон корозду* (Б.Асаналиев “Мактанчаак короз”)

Жогоруда берилген акындын да саптын төртөө тең [***а***] үндүү тыбышы менен башталып, вертикалык ***ассонанс*** кубулушун уюштурду. Ырдын мазмунуна юмор камтылып келип, фоностилистиканын каражаттары [***а***] тыбышынан турган ассонанс колдонуп, лирикалык көркөм табылга жаралды.

Ыр саптарынын башталышында же ортосунда үндүү тыбыштардын кайталанышы кандайдыр бир уйкаштыкка окшогон угумдуулукту жаратат. Саптын башында же сап ичинде бирдей үндүү тыбыштардын кайталанышы угумдуулукту жаратып гана тим болбостон, айтууга, жаттоого, эске тутууга да жеңил болот.

Ж. Абдыкалыковдун “Урбай жүр куштун баласын” аттуу балдарга арналган ырынан ассонанска мисал келтирсек:

*Чыйырчык, торгой баласын*
*Жыгачтан жетип аласың.*
***У**йпалап, уруп ыргытып,*
***У**ясын отко жагасың.*
***У**ятсыз кандай баласың,*
***У**рбачы куштун баласын.*
***У**ясын ээлеп талпынып,*
***У**чууга ал да жарасын.*
***О**йлонуп өзүң карасаң,*
***О**шо да сендей балапан.*

Сап башындагы [***у***] тыбышынын кайталанышын *ассонанс* кубулушу катары эсептөөгө болот. Ырда автордун берейин деген идеясынын өзөгүн, ырдын көрөмдүк кудуретинин күчүн сап башындагы [***у***] тыбышы көтөрүп тургандай сезилет.

***Ү**ч күчүк үшүп*
***Ү**нү бүтүп*
***Ү**рүшөт чууга түшүп*

Кыргыз эли тээ байыртадан эле балдарды бат, таза жана сүйлөп жатканда жаңылбай, ireттүү сүйлөөсүнө кам көргөн. Ошол себептен балдардын тилин жатыктыруу максатында жаңылмачтарды ойлоп табышкан. Жаңылмачтарды айтуу кыйынчылык жаратпоосу үчүн айтылышы жагынан окшош угулган сөздөрдү катыштырып, ыр түрүндөгү уйкаштыктарды чыгарышкан. Жаңылмачтарды көбүнчө бир бала баштап, ал эми экинчи бала аны өзүндөй кайталоого аракеттерди жасашкан. Кайталап жаткан тарап так, дал өзүндөй айтып берсе жеңүүчү аталган. Жаңылмачты айтуунун максаты тилди туура, так, сөздөрдү даана сүйлөөгө жатыктыруу болгон. Жогоруда келтирилген мисалда жаңылмачтын фоностилистикалык коздугун үндүү [***ү***] тыбышы уюшутуруп келди.

Тарыхый жактан пайда болуу, калыптануу, өнүгүүсү боюнча эң байыркы жанрлардын бири – табышмактар [3, 18-б]. Алар айлан-чөйрөдөгү кубулуштар, заттар, предметтер, жаратылыш көрүнүштөрүн, жаныбарлар, өсүмдүктөрдүн ж.б. кайсы бир белгисин каймана мааниде мүнөздөп, жандырмаксыз айтылат. Табышмактар тилдин сөздүк корун окуп үйрөнүүдө, балдардын көркөм ойлоосун өнүктүрүүдө, балдардын күндөгү жашоосунда кездешип туруучу заттарды таанып-билүүдөгү аң-сезимин, ойлоосун өстүрүүчү жанр болуп саналат. Табышмак балдардын маанайын көтөрүп, көңүл ачуусуна жардам берет да, куюлушкан, ыргактуу сөздөрдөн куралат. Ал эми ошол ыргак, уйкаштыкты төмөнкү мисалда үндүү [***о***] тыбышы уюштура алды.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



***О**тто эрийт,*
***О**йсоң оюлат,*
***О**юңдагыдай чоюлат* (Темир).

***Анафора*** – поэзияда, ыр саптарында, прозада тилдик каражаттардын (фонемалардын, морфемалардын, сөздөрдүн, сөз айкаштарынын) бирдей элементтеринин, бирдей уйкаштыкта кайталанышы.

***Кырк** кыл куйрук,*
***Кырк** кызыл куйрук,*
***Кырк** кыл куйрук ичинде,*
*Ылгый кызыл кыл куйрук* (Балдар фольклору, 12-т.).

Мында *кырк* деген сөз саптардын башында үч жолу кайталанып ***анафора*** кубулушун пайда кылат.

Ушул сыяктуу биздин балдар фольклорунан көптөгөн мисалдарды келтирсек болот. Бул фоностилистикалык каражаттардын фольклордук чыгармаларда колдонулушу аркылуу балдарга кызыктуу, элестүү, көркөм болушуна аябай чоң таасирин тийгизет.

***Болот** абдан сак эле,*
***Болот** абдан так эле.*
*Өзү багып чоңойткон*
*Үч улагы бар эле* (А.Рыскулов).

Мектеп жашына чейинки балдардын кабыл алуусуна ылайык, жеңил, жөнөкөй, түз маанидеги сөздөрдүн ылайыктуусун таап, ыр куроонун чеберчилигин акындар жакшы өздөштүрөт эмеспи. Таланттуулар жөн адамдардан айырмаланып, сөзгө, анын көп кырдуу маанисине, колдонулуш айырмачылыгына, эстетикалык көрктүүлүгүнө карата болгон сезим-туюмдары өзгөчө келишет. Уста кышты кынаптап койгондой, акын сөздөрдөн үй куруп, сөздөрдүн гүлүн терип килем согот. “Жоголгон улактар” ырында А.Рыскулов *Болот* ысымын сап башында кайталап келип, балдарга уккулуктуу, ритмикалуу ырды жарата алган.

***Эпифора*** – ыр саптарынын жана абзац ичиндеги сүйлөмдөрдүн бирдей сөздөр, же синтаксистик конструкциялар менен аякташы:

Кыскача айтканда, көркөм текстте окуяны баяндоодо, турмушту көркөм сүрөттөөдө, пейзаж жана образ түзүүдө, каармандардын жан дүйнөсүн, сезимдерин окурманга ачып берүүдө, автордун подтексттик идеясын, ачык айтпаган купуя ойлорун өтө ийкемдүү берүүдө фоностилистиканын мааниси жана ролу чоң.

*Айылда бир **арал бар**,*
*Ал аралда үч **марал бар**,*
*Бири – кара **марал**,*
*Бири – ала **марал**,*
*Бири – бала **марал**.*

Берилген мисалда сап башында келген *анафораны* жана сап аягында келген *эпифораны* көрүүгө болот. Акын А. Рыскуловдун балдарга арналган “Туурабы?” ырын талдап көрөлү:

*Сууга келип **Таранчы,***
*Суулап чачын **таранчу,***
*Кичинекей көлмөнү*
*Күзгү кылып **каранчу**.*

*Карга муну **билиптир,***
*“Карк, карк” этип **күлүптүр**.*
*Таранчыны шылдыңдап,*
*“Таз болот” деп **жүрүптүр**.*

*Кабар тарап **кетиптир,***
*Таз Жоруга **жетиптир.***
*“Таранчыга чакалй*
*Чыгат” деп ал **чечиптир**.*

*Таранчынын **жоругун***
*Кимиң кандай **жорудуң**?*
*Айткандары туурабы*
*Карга менен **Жорунун**?* (А.Рыскулов)

Акындын балдарга арналган бул ырында бир топ фоностилистикалык каражаттарды табууга болот. Добуш кооздугу, сап башында, сап аягында кайталоолор, үндөштүк закону (*Суулап чачын таранчу* – жоон үндүүлөр; *кичинекей көлмөнү* − ичке үндүүлөр; *кетиптир, жетиптир, чечиптир* – ичке, эринсиз үндүүлөр; *жоругун, жорудуң, Жорунун* – жоон, эринчил үндүүлөр), ассонанс, аллитерация ж.б. фоностилистикалык каражаттар өз ара жуурулушуп келишип, *таранчыны* сөз кылган *карга, жору* өңдүү терс каармандардын образын балдарга элестүү тартып бере алган.

**Тыбыштардын жыштыгы** – көркөм чыгармада тыбыштардын жыштыгынын да өз орду бар. Микроконтекстте же сүйлөм, строфа ичинде үндүү же үнсүз тыбыштар башка тыбыштарга салыштырмалуу сан жагынан басымдуулук кылат да, үндүн коздугун, дабыш уккулуктуулугун пайда кылышат. Бул ыкма кепке өзгөчө эстетикалык көркөмдүк берет. Тыбыштардын жыштыгын үндүү, үнсүз тыбыштар түзөт. Бул кубулуш макал-лакаптарда, фразеологизмдерде кеңири колдонулуп, алардын дабыш уккулуктуулугун жаратат.

Макалдарда: *жакшы бала – элпек, жаман бала тентек* (Мында тыбыштардын жыштыгын жоон үндүү [***а***], ичке үндүү [*э*] тыбышы жана үнсүз [***к***] тыбыштары түздү).

***Ата**д**а**н – **а**кыл, Энеден н**ак**ыл.*
***Э**би жок **э**рк**е**, уят болор **э**лг**е**.*
***Өз**д**ө**н чыккан жат жаман, **ө**з**ө**кт**ө**н чыккан **ө**рт жаман* ж.б.

Акын Турар Кожомбердиевдин “Бөбөктөрдүн суроосу” аттуу ырында балдардын табиятка болгон сүйүү сезиминин алда канча күчтүү экендигин байкоого болот. Шамал болгон кезде бактын шуулдаганы, кылка өскөн талаадагы буудайдын артка, алдыга жапырылганы, канаттуулар, жаныбарлар, кумурскалар дүйнөсү, жаратылыш кубулуштары деги койчу

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



баары кызык. Анан аларда суроолор жаралат, айрым учурда чоң кишинин оюна келбөөчү, же этибар алып, маани бербей калган жагдайлар тууралуу суроолорду беришет. Бөбөктөрдүн ары кызыктуу, ары ыңгайсыз суроолоруна бирден бир курал болуп балдар адабияты саналат. Алардын дүйнө таанымы, табиятка болгон кызыгуусу, ааламдагы суроолорго жооп алуусуна мына ушул адабият жардам берет. Көркөм адабият менен таанышып жаткан бала мүмкүн болушунча өзүнүн суроосуна өзү жооп табууга аракеттенет. Балдар үчүн жазып жаткан автор бөбөктөргө үйрөтпөстөн, алардан үйрөнүүсү (Горький) да зарыл.

***К****үндүн* ***барбы*** *түнөгү?*<br>
***К****урттун* ***барбы*** *жүрөгү?*<br>
***К****убанганда бизчилеп*<br>
***К****үчүктөр да* ***күлөбү?*** (Т.Кожомбердиев)

Акын бул ырында балдардын табиятын, психологиялык, физиологиялык абалын, алардын чөйрөнү таануусун, дүйнөгө болгон кызыгуусун, деги эле бала мүнөзүн ушул төрт сап ырга фонетикалык стилистиканын каражаттарынын катышуусу менен бере алган. Үнсүз, үндүү тыбыштардын үндөшүүсүн, кооздук жаратышын, уйкашып келип, бир ыргакты түзүшүн жана интонациянын элементтерин, риторикалык суроолорду “Бөбөктөрдүн суроосу” ырынан таба алабыз. Фоностилистикалык каражаттарды өтө чебер колдонуп, ыктуу пайдалануу аркылуу, жөнөкөй, жатык тил менен бала дүйнөсүн укмуш ачып берүүнүн өзү – акындын чеберчилиги, жеке уникалдуу таланты.

Жыйынтыктап айтканда, фоностилистикалык каражаттарсыз көркөм текст жаралбайт, аталган стилдик каражаттар аз колдонулуп, же ыксыз көп колдонулуп калса да көркөм адабият окурманга таасир этүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырап, өз аудиториясын таба албай, көркөм адабий чөйрөдөн акырындык менен четтетилип, унутта калып кетет.

Кайталангыс, оригиналдуу, поэтикалык өзгөчөлүгү жогору чыгармалар берилүүчү окуяны баяндоо менен катар балдарга таалим-тарбия берип, ак-караны ажыратууга чоң салым кошот. Балдарды адеп-ахлакка, урмат-сыйга, эмгекчилдикке, боорукердикке тарбиялап, үйрөтүүчү көркөм адабият болуп саналат. Ал эми көркөм адабият, маданий дүйнө менен таанышуу үчүн балдардын чыгармага, китепке болгон кызыгуусу жаралышы керек. Көркөм адабият баланы өзүнө кооздугу, кызыктуулугу, уккулуктуулугу, таасирдүүлүгү, эстетикалык коннотациясы менен тартып туруусу зарыл. Бул учурда *ассонанс, аллитерация, добуш кооздугу, ритм, мелодика, тыным, интонация, тыбыштардын алмашуусу, кептеги тыбыштардын нормадан ашыкча созулуп, же өзгөрүп, же түшүрүлүп айтылышы, саптагы кайталоолор* сыяктуу фонетикалык стилистикалык бирдиктер жардамга келип, чыгарманын поэтикалык зор жүгүн аркалап турушат. Фоностилистикалык каражаттарсыз балдар адабияты айтылып жаткан жогорудагы ийгиликтерге жетише албайт. Аталган каражаттар көркөм чыгарманы элестүү, кооз, балдарга түшүнүктүү, кабыл алууга жеңил жана образдуу кылууга жардам берет.

Ошондуктан көркөм кепте, анын ичинде балдар адабиятында окурмандын, угармандын эстетикалык табитин кандырып, сыйкырдуу көркөмдүктү жаратып, поэтикалык ажайып дүйнөнүн эшигин ачууда фоностилистикалык каражаттардын аткарган милдети, орду зор. Фоностилистикалык каражаттар аркылуу кепке түрдүү боёк берилип, кооздук жаралып, руханий кенчтин аруу дүйнөсү жандуулукка, элестүүлүккө айланат.

**Адабияттар:**


1. Алымбаева З. Көркөм тексттеги фоностилистикалык каражаттар жана алардын табияты. – Бишкек, 2010.
2. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 2-кит. Бишкек. 2000.
3. Балдар фольклору. “Эл адабияты” сериясы. 12-т., проф. А.Акматалиевдин жалпы ред. // түзгөн жана баш сөз. Г.Орозова, − Бишкек: “Шам” басмасы, 2002.
4. Классикалык изилдөөлөр жана тексттер. Адабияттаануу 8-китеп. Балдар адабияты. - Бишкек, 2018.
5. Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабий тил илиминин терминдер сөздүгү. – Бишкек, 2004.
6. Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 1991.
7. Орузбаев Б., Закирова Б. Грамматикалык терминдердин кыргызча-орусча сөздүгү. - Фрунзе: Мектеп, 1981.